| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТЕПЛОКЛЮЧЕНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**XXVIII чакырылыштын кезектеги 17-сессиясы**

**ТОКТОМ**

4.12.2023 № 75 **Теплоключенка айылы**

**Трансформацияланган 99,0 га жер тилкесинде жайгашкан Арык Мырза конушунун жаңы көчөлөрүнө аталыштарды берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө жобого таянып, айылдык кеңештин 2023-жылдын 20-сентябрындагы №55 токтому менен бекитилген "Теплоключенка айыл аймагынын конуштарына, аянттарына, көчөлөрүнө, парктарына, эс алуучу жайларына, аллеяларына, муниципалдык мекеме/ишканаларга жаңы аталыштарды берүүнүн жана аталыштарын өзгөртүүнүн тартиби жөнүндө жобого" ылайык айыл өкмөтүнүн жумушчу тобунун протоколун карап, талкууга алып, айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Трансформацияланган 99,0 га жер тилкесинде жайгашкан Арык Мырза конушунун жаңы көчөлөрүнө төмөндөгүдөй аталыштар берилсин:

- Жаңы Арык Мырза конушунун тоо жагынан баштап аягына чейин кеткен узун көчөлөр – Манас, Жусуп Абдрахманов, Исхак Раззаков, 28-чакырылыш, Насирдин Исанов.
- Кыдыр Аке көчөсүнө чейин узунунан жайгашкан көчө- Аксуубай Атабаев.
- Кыдыр Аке көчөсүнө чейин узунунан жайгашкан майда көчөлөр- Биримдик, Каныбек Осмоналиев (спорт чебери), Дөөлөт, Касиет, Аманат, Насаат, Нур.
- Конуштун башынан Кыдыр Аке көчөсүнө чейин туурасынан кеткен көчөлөр- Ишеналы Арабаев, Аргымак, Кадыр, Ак шоола, Кусеин Карасаев, Турдакун Усубалиев, Токтогул, Мамбет Мамакеев, Ыбырай Туманов, Абсамат Масалиев, Ырыс, Абдыкерим Сыдыков, Ак-Бата, Эркиндик, Ыйман, Жакшылык.
- Кыдыр Аке көчөсүнөн ылдый кеткен көчөлөр- Айкөл, Ак ниет, Ийгилик, Тулпар, Ынтымак Санжыра, Саякбай Каралаев, Мурас, Эгемен, 40 чоро, Адилет, Береке.

2. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн, көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **А.И.Алмабеков**